**УДК 372. 881.1.**

**АДАМАЛИЕВА М.К.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек

**ADAMALIEVA M.K.**
J.Balasagyn KNU, Bishkek

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРДУ КОЛДОНУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК ЗАРЫЛДЫКТАРЫ

Теоретические и практические необходимости применения интерактивных методов в преподавании кыргызского языка

Theoretical and practical need of application of interactive methods for teachingthe Kyrgyz language

Макалада интерактивдүү методдорду кыргыз тили сабагында колдонуунун теориялык жана практикалык мааниси, зарылдыктары жана күтүлгөн натыйжалар тууралуу сөз болот. Интерактивдүү методдордун дидактикалык табияты, окутуудагы орду жана ролу ачылып берилет. Кыргыз тилин окутуунун натыйжалуулугун арттырууга өбөлгө болуучу методдор тууралуу маалымат берилет.

**Урунттуу сөздөр**: кыргыз тили, окутуу, методдору, окутуунун интерактивдүү ык-жолдору, компетенттүүлүк, технология, парадигма.

В статье речь идет о теоретических и практических значениях, необходимостях и ожидаемых результатах применения интерактивных методов на уроках кыргызского языка. Раскрывается их дидактическая сущность, место и роль в обучении. Даются сведения о методах, которые способствуют эффективности результатов обучения кыргызскому языку.

**Ключевые слова**: кыргызский язык, методы обучения, методы и способы интерактивного обучения, компетентность, технология, парадигма.

The article deals with theoretical and practical implications, needs and expected results of the use of interactive methods in the lessons of the Kyrgyz language. Their didactic essence, place and role in learning is revealed. Information is provided on methods that contribute to the effectiveness of learning outcomes in the Kyrgyz language.

**Keywords:** kyrgyz language, teaching methods, methods and ways of interactive learning, competence, technology, paradigm.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде, аны окутуунун практикасында улам жаңы термин-түшүнүктөр кирип, педагогика, дидактика, психология, этнопедагогика ж.б. психодидактикалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн эмгектерде жаңы аталыштар, түшүнүктөр пайда болуп, кеңери жайылып келе жатат. Жалпы эле таалим-тарбия, билим берүү процесси, анын ичинде кыргыз тилин окутуу процесстери дайыма кыймылда болуп, өзгөрүп, толуктап, жаңыланып туруучу жандуу процесс болуп саналат. Билим берүү,

кыргыз тилин окутуу коомго, коюлуучу өзгөрүүлөргө, саясатка, социалдык-турмуштук суроо-талаптарга, экономикага ж.б. жагдайларга, факторлорго жараша өзгөрмөлүү болот.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен кыргыз тилин эне тил катары окутуунун максаты менен мазмунун, окуутунун ык-жолдору менен каражаттарына болгон түшүнүк – мамилелер олуттуу өзгөрүүлөргө учурады. Бул барыдан мурда, кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна ээ болушу менен анын Кргыз Республикасындагы аткарган кызматына, колдонулган чөйрөлөрүнүн кеңейишине байланыштуу түшүндүрүлөт. Ошондой эле азыркы мектеп окуучуларына көнүмүш болгон салттуу ык-жолдор менен билим алууга, кыргыз тилин окууга кызыкпай калгандыгы да өз таасирин тийгизет. Мындан улам, кыргыз тилин алда канча ийкемдүү, алда канча кызыктуу методдор менен окутуп-үйрөтүүнүн зарылдыгы пайда болгонун байкоого болот.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы менен практикасында “инновация”, “интерактивдүү”, “компетенттүү” ж.б. түшүнүктөрдүн кире баштагандыгына деле убакыт боло элек. Бирок кыргыз тилин эне тил катары талапка ылайык натыйжалуу окутуп-үйрөтүүдө аталган түшүнүктөрдү терең өздөштүрүп, аларды колдонуу менен сабак өтүү зарылдыгы пайда болду.

Педагогика илиминде “инновация” ичинен жаңылануу деген түшүнүктү камтып, кыргыз тилин окутуунун максаты, мазмунун жана технологияларын түп-тамырынан бери жаңылоону талап кылды. Инновациялык жаңылануу болбосо, эне тилди окутуудан күтүлгөн натыйжаны алууга мүмкүн эместиги аныкталды.

Билим берүүдөгү инновация – деп жазат Ж.Чыманов, - бул окутуунун максаты, мазмунун өзгөртүп жаңылоо менен окутуу процессине жаңыча мамиле жасап, окутуунун методдорун, формаларын жана каражаттарын кайра карап чыгуу (Ж.Чыманов – 438-б). кыргыз тилин окутууну инновациялап жаңылоонун зарылдыгын эне тилин окутуу боюнча жаңы кабыл алынган предметтин стандарттын, ага ылайык окуу программасынын талаптары да айкын көрсөттү. Азыркы күндүн кыргыз тилин кыргыз жаштарына окутуп-үйрөтүүнүн стандартта белгиленген максаты окуучулардын кыргыз тилин оозеки жана жазуу кептеринде адабий тилдин нормаларына, кеп маданиятына ылайык кеңири колдонууга үйрөтүү болуп саналат. Ошол эле учурда мектеп окуучусу эне тилинин таанып билүүсүнүн, жүрүм-турумдун жана баалуулук касиет-сапаттарын да толук өзгөртүүсү шарт.

Кыргыз тилин эне тил катары окутууга коюлуп жаткан бул талаптардын аткарылышы үчүн окутуу процесинин өзүн инновациялоо зарыл. Кыргы тилин окутууну инновациялоо иштерин ийгиликтүү ишке ашырууну окутуунун аныкталган максат-мазмунуна, милдеттерине ылайык окутуу методдорун аныктап алуудан баштоо талабы коюлат. Азыркы учурда кыргыз тилин окутууда колдонулуучу методдорду, шарттуу түрдө, салттуу жана интерактивдүү методдор деп бөлүп кароо кеңири тараган. Бул жөн эле кыргыз тилин окутуудагы көрүнүш эмес, жалпы эле таалим-тарбия берүүдө, педагогика, психология илимдеринде кеңери тарап, изилдөөлөр жүргүзүлүп келе жаткан дүйнөлүк алкактагы көрүнүш болуп саналат. Ошентип билим берүү процессин инновациялоо деген түшүнүк сабакты интерактивдүү методдор менен өтүү деген түшүнүк менен тыгыз байланышта каралып келет. Окуудагы интерактивдүүлүктү педагог-окумуштуулар билим

берүүдөгү табылга, жаңылык, жаңы тажрыйба, окутууга жаңыча мамиле жасоо түшүнүктөрү менен биримдикте талдап, түшүндүрүшөт. Мисалы, М.В.Карин интерактивдүү окутууну жаңы тажрыйбаларды өздөштүрүү, колдонуу деп карап, түшүнүккө ушул өңүттөн мамиле кылат (караңыз: Карин М.В. Интерактивное обучение- предмет освоенная нового опыта. Учебное пособи: М.Педагогика, 2003, – 212с). Ал эми М.Суварова окутууга болгон жаңыча мамиле деп белгилеп, аны чечмелеп, түшүндүрүп берген (караңыз: Суварова Н. Интерактивное обучение: новые подходы // Педагогика.: 2003 - №1). Интерактивдүүлүккө берген эки автордун тең жыйынтыктарына ынанууга болот. Анткени бул топко кирген методдор жаңы тажрыйба, жаңы мамиле катары бааланат.

Ж.Чыманов атаган термин-түшүнүккө төмөнкүдөй аныктама берген: “Интерактивдүүлүк – бул окуучунун инсандык жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн натыйжалуулугун арттырууга, өркүндөтүүгө жана жаңылоого (инновацияга багытталган окутууга болгон мамиле, дидактиканын иш-аракеттердин системасы” (Ж.Чыманов. 440б). Бул түшүндүрмөлөр биздин жогорку пикирибизди далилдеп турат. Демек, интерактивдүүлүк окутуу-үйрөтүү процессин жандуу жүргүзүүгө жана белгиленген натыйжаларга жетүүгө өбөлгө болуп, ыңгайлуу шарттарды түзгөн ык-жолдордун жыйындысы деп тыянак чыгарууга болот.

Айрым эмгектерде “интерактивдүү метод” деп бул түшүнүктү белгилүү жеке методдун алкагында кароого жол берилип келет. Чындыгында аталган түшүнүктү бир метод деп түшүнүү натуура. Анткени мугалим менен окуучунун, студент менен окуучунун жандуу, максаттуу жана белгилешкен бир максатты көздөгөн иш-аракеттерин камсыз кыла ала турган методдордун бардыгы “интерактивдүү” метод деп аныкталууга тийиш. 2004-жылы Санкт-Петербург шаарынан Н.Соосар жана Н.Замковая деген авторлордун “Интерактивные методы преподавания. Настольная книга преподавания” деген китеби жарык көргөн. Бул эмгекте авторлор интерактивдүү методдордун катарына класстер, салыштырма диаграмма, ПАЗЛ, максаттуу окуу, эки бөлүктүү күндөлүк, ар кандай дидактикалык оюндарды кошушкан. Биз бул пикирди кубаттайбыз.

Ж.Чыманов интерактивдүү методдор катары ой калчоо, сынчыл ойлом, ИНСЕРТ, конкреттүү кырдаалды талдоо, класстер ж.б. караган. Автор ар бир интерактивдүү метод менен кыргыз тилин окутуунун үлгүлөрүн, план-конспектилерин иштеп чыккан. Ал иштелмелер азыркы учурда интерактивдүү методдор менен окутуунун бир катар теориясын жана практикалык маселелерин чечүүгө активдүү колдонулуп келет.

Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы менен практикасында интерактивдүү окутуу боюнча бир катар методикалык эмгектер жарыяланган. Атап айтсак, 2004-жылы С.Байгазиевдин “Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу”, 2015-жылы Б.Оторбаевдин “Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу” аттуу эмгектер жарык көргөн. Мында биз эмгек толугу менен интерактивдүү окутууга арналгандарын гана келтирдик. Чындыгында бул проблема К.Добаев, Ж.Чыманов, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Момуналиев ж.б. эмгектеринде өз максаттарына ылайык изилдөөгө алынган. Алар кыргыз тилин жана алабиятын окутуу иштеринде активдүү колдонулуп, сабактын натыйжалуулугун арттырууга кызмат кылып келе жатат.

Эми: “кыргыз тилин окутууда интерактивдүү колдонуу кандай теориялык жана практикалык зарылчылыктардан келип чыкты?, - деген суроого жооп издейм.

Биринчи, окутуу жалпы эле билим берүү процессинде интерактивдүүлүктү колдонуу дүйнөлүк деңгээлде коомдук-социалдык, турмуштук суроо-талаптардын негизинде келип чыкты. Илим менен техниканын, технологиялардын өнүгүшү, дүйнөлүк маалыматтык желе болгон, интернеттин өтө кеңири тарашы билим берүүнү, окутууну олуттуу өзгөртүүлөргө барууга мажбур кылды. Азыркы учурда маалымат алуу, маалымат берүү проблемасы толук чечилип, биринчи орунга маалыматты алуу эмес, алардын ичинен керектүүсүн тандап алуу, өздөштүрүү жана өз ишмердүүлүгүндө колдоно билүү көндүмүнө ээ болуу негизги маселе болуп калды. Мындан улам билим берүүчү менен билим алуучунун биргелешкен иш-аракеттерин жүргүзүү зарыл болду. Бул зарылдыкты, бул талапты сабак учурунда ишке ашырууга өбөлгө түзчү педагогикалык шарт – бул интерактивдүү методдор болуп калды. Демек, интерактивдүүлүк азыркы таалим-тарбия берүүнүн негизги ык-жолу жана каражат катары колдонула баштады.

Экинчи, билим берүүдө, таалим-тарбиялоо процессинде салттуу болуп калган мугалимдин үйрөтүүсү каалаган натыйжа бербей, бул процесске окуучунун активдүү жана максаттуу катышуусу зарылдыкка айланды. Эгерде бүгүнкү окуучу өзү сабак окууга,билим алууга кызыкпаса, өз алдынча иштөөгө көнүкпөсө, жалаң мугалим берген билим, маалыматтар жетишсиз. Демек, окутуудагы интерактивдүүлүк, барыдан мурда, окуучунун окууга болгон ынтызарлыгын ойготуучу, аны көндүмгө айландыруучу окутуунун өзүнчө предмети катары каралып, колдонулууда деген тыянак чыгарууга болот.

Үчүнчү, соңку нормативдик документтердин койгон талаптары боюнча кыргыз тилин эне тил катары окутуу, барыдан мурда, окуучунун эне тилиндеги жакшы, маданиятуу сүйлөөсүн жана сабаттуу жаза билүүсүн орундатуу максаты ишке ашырууга тийиш. Мындай максатты ишке ашырууга эреже жаттаттуу, талдоо, көнүгүүлөрдү иштетүү, суроолорго жооп берүү сыяктуу ык-жолдор жараксыз. Мындан улам коюлган максатты натыйжалуу ишке ашыруу үчүн кыргыз тилин окутууга инновациялык мамиле жасап, окутуунун заманбап технологияларын интерактивдүү методдорду колдонуу зарылдыгы пайда болгон. Азыркы кыргыз тили сабагын, анын натыйжалуулугун итерактивдүү методдорсуз элестетүүгө мүмкүн эмес.

Кыргыз тилин окутууда колдонулуучу эң ийкемдүү жана алгылыктуу интерактивдүүлүк методдордун катарына текстти талдоо, текст менен иштөө, текстти кайра түзүү, өз алдынча текст түзүү, класстер түзүү сынчыл ойлом, ой калчоо, дидактикалык оюндар, конкреттүү кырдаалды талдоо ж.б. кошууга болот.

Пайдаланылган булактардын тизмеси
1. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы: - Б.: Турар, 2009 –
488б.
2. Карин М.В. Интерактивное обучение-инструмент освоения ного опыта. Учебное пособие. – М.: Педагогика, 200 – 212с.
3. Суворова Н. Интерактивное обучение: новые подходы // Педагогика – 2003 - №1.
4. Соосар Н., Замковая Н. Интерактивные методы преподовани. Часть 1. – СПб.: Златодент,
2004 – 188с.

5. Оторбаев Б.К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. – Б.: Турар, 2015 – 168б.
Рецензенты: Рысбаев С.К. – педагогика илиминин доктору, КАО профессору
Сарылбекова З. – педагогика илиминин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору